4. Жумагулов, М. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы экологиялык парадигмалар. // Китепте: Айтматов окуулары – 2015. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: «Турар», 2015. – 464 б.
5. Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз [Текст]: моногр. / Л. Үкүбаева.- Бишкек: БГУ, 2004.- 288 б.
6. Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык ийгилигинин сыры. // Китепте: Айтматов окуулары–2015. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: «Турар», 2015. – 464 б.

УДК 323(575.2) +327 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.524**

«УЛУТТУК РУХ — ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК» УҢГУЖОЛУ — СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗ САЛУУЧУ ИДЕОЛОГИЯЛЫК ДОКУМЕНТИ

Кидиралиева Нургуль Мэлисовна - филология илимдеринин кандидаты, доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
kydyraliyeva.nyrgul@mail.ru
Тешебай кызы Беназир - Ош мамлекеттик педагогикалык университети
teshebaykyzy@mail.ru

ДОКТРИНА «НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДУХ — МИРОВЫЕ ВЫСОТЫ» — ОСНОВОПОЛАГАЮЩИЙ ИДЕОЛОГИЧЕСКИЙ ДОКУМЕНТ СТРАТЕГИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ

Кидиралиева Нургуль Мэлисовна, кандидат филологических наук
Ошского государственного педагогического университета, доцент.
kydyraliyeva.nyrgul@mail.ru
Тешебай кызы Беназир, преподователь, Ошского государственного педагогического университета
teshebaykyzy@mail.ru

THE DOCTRINE “NATIONAL SPIRIT — GLOBAL HEIGHTS” IS THE FUNDAMENTAL IDEOLOGICAL DOCUMENT OF STRATEGIC DEVELOPMENT.

Kidyralieva Nurgul Melisovna,Candidate of Philological Sciences,
Osh State Pedagogical University, Associate Professor.
Teshebai kyzy Benazir, Osh State Pedagogical University, Teacher.
teshebaykyzy@mail.ru

Аннотация

Макалада Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаров тарабынан кабыл алынан "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндө Жарлыгын жетекке алуу менен Кыргыз Республикасындагы өнүгүү жолунун маанилүүлүгү тууралуу сөз болот. Уңгужолу- дүйнөлүк масштабдагы жетишкендиктерди көздөгөн жол экендиги айтылат. Ошондой эле Уңгужолун Кыргызстандын, анын ичинде жамы кыргыз журтунун идеологиялык башкы таянычы катары карасак болот деп белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *баалуулук, билим, жаран, жаштар, идеология, интеллигенция, коом, Кыргызстан, мамлекет, нарк, өнүгүү, саясий, таалим, тарбия, улут, уңгужол, үй-бүлө, эгемен, экономика.*

Аннотация

В статье рассматривается значение пути развития Кыргызской Республики на основе Указа «Национальный дух — мировые высоты», принятого Президентом Кыргызской Республики Садыром Нургожоевичем Жапаровым. Отмечается, что данный

концептуальный курс направлен на достижение результатов мирового уровня. Также подчеркивается, что данный курс можно рассматривать как основную идеологическую опору Кыргызстана, а также всего кыргызского народа.

Ключевые слова: *ценности, образование, гражданин, молодежь, идеология, интеллигенция, общество, Кыргызстан, государство, нравственность, развитие, политический, обучение, воспитание, нация, концептуальный курс, семья, суверенитет, экономика.*

Abstract

The article examines the significance of the development path of the Kyrgyz Republic based on the Decree “National Spirit – World Heights” adopted by the President of the Kyrgyz Republic, Sadyr Nurgazhoevich Japarov. It is noted that this conceptual course is aimed at achieving results of global significance. The article also emphasizes that this course can be regarded as the main ideological foundation of Kyrgyzstan, as well as of the entire Kyrgyz people.

Keywords: *values, education, citizen, youth, ideology, intelligentsia, society, Kyrgyzstan, state, morality, development, political, teaching, upbringing, nation, conceptual course, family, sovereignty, economy.*

2024-жылдын 18-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаровдун "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгузолу жөнүндө Жарлыгы кабыл алынган. [2, 5-6 б.]. Ушул Жарлыкка ылайык"Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгузолу доктринасы бекитилген. Аны Кыргызстандын, анын ичинде жамы кыргыз журтунун идеологиялык башкы таянычы катары карасак болот.

Мамлекеттин бардык тармактарын камтыган «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолу жөнүндөгү жарлыгы Кыргызстандын, жалпы кыргыз элинин коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий-руханий жактан стратегиялык өнүгүүсүнүн жалпы улуттук уңгузолу десек болот. Уңгузолу- дүйнөлүк масштабдагы жетишкендиктерди көздөгөн жол. Уңгузолу Эгемен Кыргызстанды өз жарандарына туруктуу, коопсуз, бейпил, бакубат, бардар турмуш тартуулоо аркылуу бакубат өлкөнү түзүү максатын көздөп, алдын ала баш багыты аныкталган, узак мөөнөткө эсептелген идеялар тутумун азыркы доор талабына ылайык кайра жаратуу муктаждыгынан келип чыккан. Буга чейин улуттук идеология жаатында мындай мамлекеттик деңгээлдеги ири документ болгон эмес. Аны Кыргызстандын, анын ичинде жамы кыргыз журтунун идеологиялык башкы таянычы катары карасак болот. Улуттук уңгузолдун башкы өзгөчөлүгү - баарыдан мурда таалим-тарбияга, мамлекеттин кичи модели катары эсептелген үй-бүлөгө, билим берүүгө, айрыкча окутуунун заманбап жаңы моделине трансформациялоо маселесине басым жасалууда [4].

Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужол мамлекетте багыт берген идеологиялык документ болуп саналат. Уңгузолдун негизги максаты -мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салып, нарктуу, мекенчил жарандарды калыптандыруу, кубаттуу мамлекет куруу болуп саналат.

Кандай гана өнүккөн өлкө болбосун өзүнүн улуттук мамлекеттик баалуулуктарын алдыга коёорун айтмакчыбыз. Башка бардык тармактар менен бирге эле Кыргызстандагы билим берүү жана илим программаларынын стандарттары да дал ошол улуттук мамлекеттик баалуулуктардын тегерегине байланышат. Жаш муундарды даярдоодо улуттук, үй-бүлөлүк, тарыхый мурастарга таянуу зарылдыгы турат [5].

“Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужол доктринасында бир катар тармактар боюнча багыттар аныкталган. Алсак:

Таалим-тарбия жана маданият: улуттук нарк баалуулуктарын жайылтуу, заманбап билим берүүнү өнүктүрүү;

Экономика: жашыл экономика, инновациялык технологияларды киргизүү, экспортту жана ишкердикти колдоо;

Мамлекеттик тил: кыргыз тилин коомдун бардык тармактарында кеңири колдонуу;

Социалдык мамилелер: ынтымакты, социалдык адилеттүүлүктү бекемдөө;

Дин: мамлекеттин коопсуздугун жана элдин биримдигин сактоо максатында улуттук кызыкчылыктарга төп келген, тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына шайкеш иш алып барууну милдеттендирүү;

Дене тарбия жана спорт: сергек жашоо образын калыптандыруу.

Уңгузолдун “Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият” бобнча багытын алсак:

“Жарандардын нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү.

Токтоосуз колго алынуусу жана үзгүлтүксүз улантылуусу керек болгон милдеттер төмөнкүлөр:

- таалим-тарбия берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берилиши жана анын жаңы тажрыйбалар менен байытылышы;

- жаш муундарга билим берүүнүн методдорун гана эмес, анын максат, мазмун, өлчөм жана мөөнөттөрүнүн алыскы келечекти эске алуу менен кайра каралышы;

- билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ырааттуу ишке ашырылышы;

- кесиптик билим берүү, жаштарга өнөр-кесип үйрөтүү жагынын жандандырылышы жана анын жаңы нукта тынымсыз өнүктүрүлүшү;

- Кыргыз Республикасынын билими жогору, көптү билген, ошону менен бирге кесипкөй, жаратман адистерге болгон муктаждыктарын жоюунун кечиктирилбей колго алынышы;

- илимдин өнүгүшү менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бири-бири менен өтмө катар байланышта экендигин таануу - илим тармактары өнүкпөгөн мамлекеттин келечеги жок экендигин, келечеги жок мамлекетте илим тармактары өнүкпөй тургандыгын дайыма эске алуу;

- илимдин бардык тармактарында, инновациялык технологиянын акыркы ачылыштарын колдонууга жетишүү, ошону менен илимий ойдун дүйнөлүк кеңдиги менен бийиктигин өздөштүрүү;

- мамлекеттин коргонуу жана коопсуздук каражаттарын жаратуу, жаңылоо жана толуктоо иштерин өз өлкөбүздүн илимий-өндүрүштүк жана билим берүү негиздерине бекем орнотуу;

- Кыргыз Республикасында асманды, жерди, абаны, сууну, адамды жана коомду дүйнөлүк, заманбап илимий-методикалык негизде изилдөөнүн маанилүүлүгүн эске алып, аларды жолго коюунун ыкчам чараларын көрүү;

- илимий адистерди даярдоо, илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана аларды натыйжаландыруу милдетин аткарган илимий жана билим берүү мекемелеринин иштөө тартибин, методун жана мүмкүнчүлүктөрүн кайра карап, жаңы талаптарды жана таянымдарды киргизүү;

- маданият жана көркөм өнөр маселелеринин өтө татаал, көп түрдүү экендигин эске алып, аларды чечүү жүрүмүн мамлекеттик камкордук, жарандык демилге, коомдук көзөмөл айкалышында жолго коюу;

- көркөм адабият, сүрөт өнөрү, музыкалык чыгармачылык, театр жана кино тармактары боюнча керектүү мыйзам актыларын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу;

- адабият ишмерлерин: акын, жазуучу, драматург, адабий сынчы ж.б. калемгерлерди орто жана жогорку кесиптик даярдыктан өткөрүү жагын мамлекеттин көзөмөлүнө жана камкордугуна алуу [2].

Академик К. Юдахиндин Орусча-кыргызча сөздүгүндө: “Идеология – тиги же бул таптын кызыкчылыгын көздөгөн саясий, укуктук, диний, адабий, философиялык ж.б. көз караштардын жыйындысы б.а. өлкөнүн улуттун келечегин, тагдырын, багытын аныктаган түшүнүктөрдүн топтому” — деп жазылса, Кыргыз совет энциклопедиясында: “Идеология – коомдук мамилелерди бекемдөөгө же өзгөртүүгө багытталган иш-аракеттердин максаты чагылдырылган көз караштардын жана идеялардын системасы” деп көрсөтүлгөн.

Дүйнөлүк практикадан белгилүү, ар бир мамлекет, улут жана коом өзүнүн идеологиясына ээ болуусу керек, же башкча айтканда, алардын жашоосундагы түпкү негизди чагылдырган идеалдардын жана идеялардын тутумуна ээ болуусу керек. Ансыз улуттун руханий өзөгү түрдүү маданиятка бөлүнүп, ажырап кетет жана бул саясатта коомдун ажырашына алып барат” [1].

Андыктан Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынган "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгузолу жөнүндө Жарлыгынын кабыл алынышы жана агы ылайык доктринанын кабыл алынышы Кыргыз Республикасынын өнүгүшү жана келечеги, жалпы кыргыз элинин келечеги, жаш муундардын келечеги үчүн эң маанилүүү болуп саналат. Уңгузол мезгил талабына жараша өз убагында кабыл алынды жана мамлекеттин өнүгүүсүндө ар кандай чаржайыттыктан, белгисиздиктен арылтып, коомдун биримдүүлүгүнө, калктын ынтамак- ырашкердигинин бекемдигине, улуттун руханий өзөгүнүн биримдигине негиз жана башат жол болду.

Жаш муундардын өз Ата Мекенин сүйүүсүнө, өз элинин тарыхын, каада - салтын барктоого, баалоого умтулуусуна, өзүнүн бактылуу жана татыктуу келечегин куруусунда, улууну урматтосуна, кичүүнү сыйлоосуна, мамлекеттин өнүүгүүсүнө салым кошуусуна уңгузол бирден бир жарык чачкан жол көрсөткүч болуп калат.

Улуттук идеология жаштар арасында — бул мамлекеттин келечегин аныктоочу, улуттук баалуулуктарды, тарыхты, маданиятты жана тилди аздектеген маанилүү таяныч. Ал жаштардын дүйнө таанымын, маданиятын жана эртеңки коомдогу баалуулуктарын калыптандырат, ошондой эле бийлик менен байлыкка гана умтулбастан, улуттук кызыкчылыкты бийик коюуга үндөйт.

Уңгузолу жаштар арасында улуттук идеологияны чыңдоо боюнча негизги багыт болуп саналат. Жаштардын жарандык позициясын жана лидерлик сапатын өүктүрүдө чоң роль ойнойт. Ошондой эле мамлекеттик деңгээлдеги «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» доктринасы аркылуу кыргыз журтунун идеологиялык таянычы түзүлдү.

Улуттук баалуулуктар: каада-салт, тарых жана мамлекеттик тилди даңазалоо аркылуу мекенчилдик сезимди ойготуу менен жаш муундардын таалим тарбиясы жакшыртуу колго алынат. Жаштардын арасында заманбап жана улуттук баалуулуктарды айкалыштырган жаңы идеяларды, маданиятты калыптандыруу бүгүнкү күндүн талабы жана буга уңгузол жол көрсөткүч болуп берээри анык.

Билим берүү тармагы, илимий интеллигенция жана жалпы агартуу тармагы жаштардын илим, билим жана маданият тармагында эл аралык деңгээлде ийгиликтерге жетишип, өлкөнүн атын чыгаруусуна өбөлгө болушу маанилүү. Билим берүүдө, тарбия берүүдө жаш жеткинчектерге “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолу доктринасын жана анын талаптарын үйрөтүп, окутуп, ар тараптап өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү зарыл.

Жаштарды улуттук идеология- “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгузолу менен тарбиялоо - бул реалдуу келечекти куруунун бирден-бир жолу.

Улуттук идея жана идеология элдин биримдигин камсыздайт. Кыргызстандын дүйнөдөгү орду, анын тарыхы, каада - салты, көп улуттуу элинин маданияты, элинин көп конфессияга таандыктуулугу менен белгиленет жана бул Кыргызстандын өз жолу менен өнүгүүсүн, Азия жана Европа менен үзүлгүс байланышын шарттады. [1].

Ошондуктан Кыргыз Республикасы унгузол аркылуу аны туу тутуу менен билим берүү, таалим тарбия, өнүккөн экономика, сакталган экология, табигат, байыртадан келаткан гумандуу каада- салты, үрп -адаты, мамлекеттик тилдин улуулугун баалоо, башка конфессияларды сыйлоо жана башка баалуулуктарды урматтоо менен жаштарды мыкты билим берүүгө, тарбиялоого, дүйнөлүк мамлекеттер менен байланышта жана кызматташтыкта дүйнөлүк прогресивдүү өнүгүүгө өз салымын кошот деген ишенич чоң.

Колдонулган адабияттар:

1. Иманалиев К.К. Проблемы и перспективы этнополитической консолидации в Кыргызской Республике: дис. … д-ра полит. наук / К.К. Иманалиев. М., 2010. URL:

http://www.dissercat.com/ content/problemy-i-perspektivy-etnopoliticheskoikonsolidatsii-v-kyrgyzskoi-respublike

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы.

3. Кыргыз совет энциклопедиясы, Фрунзе-1997-ж.

4. https://kutbilim.kg/analytics/inner/uluttuk-u-guzhol-kyrgyz-demi-zhana-kyrgyz-dymagy/

5. Нурманов А. Нация, национальная идея и Конституция для Киргизии / А. Нурманов. URL: http://

УДК: 371.3:811.512.154

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ БААЛУУЛУКТАР ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТКА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна *- Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Адабият институтунун илимий кызматкери, Бишкек ш., Кыргызстан моб. тел: 0772487045, E-mail:* **kojobekovagulbu@gmail.com**

Мырзанаева Медина Кененбаевна *- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин ага окутуучусу, Бишкек ш., Кыргызстан моб. тел: 0700264788,* ***E-mail:*** myrzanaevamedina@gmail.com, *SPIN-код: 8895-3829, orcid.org/0009-0001-7732-2222*

Сулайманова Гүлмира Абдылаевна *- Ош МУнун окутуучусу,* Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

ЦЕННОСТИ В ТВОРЧЕСТВЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА И ИХ ВЛИЯНИЕ НА МИРОВУЮ ЛИТЕРАТУРУ

Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна *- научный сотрудник Института литературы Национальной академии наук Кыргызской Республики, г. Бишкек., Кыргызстан, e-mail:* kojobekovagulbu@gmail.com, *SPIN-код: 9471-2314, orcid.org/0009-0009-0062-6226*

Мырзанаева Медина Кененбаевна *- старший преподаватель факультета международных отношений и востоковедения Кыргызского национального университета им. Ж.Баласагына, г. Бишкек., e-mail: myrzanaevamedina@gmail.com,. orcid.org/0009-0001-7732-2222*

Сулейманова Гульмира Абдылаевна *- старший преподаватель ОшГУ,* Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

VALUES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV AND THEIR INFLUENCE ON WORLD LITERATURE

Kozhobekova Gulbubu Sagynbekovna *- Researcher at the Institute of Literature of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Bishkek, Kyrgyzstan e-mail:* kojobekovagulbu@gmail.com

Myrzanaeva Medina Kenenbaevna *- Zh. Lecturer at the Faculty of International Relations and Oriental Studies of the Kyrgyz National University named after Balasagyn, Bishkek, Kyrgyzstan mobile phone: 0700264788, e-mail: myrzanaevamedina@gmail.com,. orcid.org/0009-0001-7732-2222*